**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма төртүнчү сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 24-2** **21-август 2026-жыл**

## Ак-Баш айылынын ички көчөсүнө ысым ыйгаруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34, 39-беренелерин, Кыргыз Республикасынын "Географиялык аталыштар жөнүндө" мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 14-августундагы чыгыш № 01-28/1457 сандуу катынын негизинде Ак-Баш айылынын ички көчөсүнө Пирматов Туташтын ысымын ыйгаруу жөнүндөгү Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 20-августундагы №17 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXIV сессиясы токтом кылат:

1. Ак-Баш айылындагы аты жок ички көчөсүнө Пирматов Туташтын ысымы ыйгарылсын.
2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Пирматов Туташ атындагы көчө деп аталсын.
3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.
4. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Абдурашидовго милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
6. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**